**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**ТАЛАС МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЕСИПТИК ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ**

| | |
|---|---|
| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМ** |
| КОБББнын окуу методикалык кеңешинин төрайымы | КОБББнүн (колледж) мүдүрү |
| ___________ Сатаева Л.А. | ___________ Ажибаева А.Ж. |
| (колу) | (колу) |

# АДИСТИГИ: 050704 МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮ

# ОКУП-ТААНЫШУУ, ПЕДАГОГИКАЛЫК, КЕСИП АЛДЫНДАГЫ ПРАКТИКАЛАР БОЮНЧА ЖУМУШЧУ ПРОГРАММА

Талас 2024-ж

Педагогикалык практиканын программасы ТалМУнун окумуштуулар кеңешинде бекитилген. Программа 050704-Мектепке чейинки билим берүү адистигинин орто кесиптик билим берүү үчүн Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү программасынын мамлекеттик билим берүү стандартына жооп бергендей деңгээлде түзүлгөн.

Түзүүчүлөр:

Филос.и.кандидаты., доцент Кудабаева Г.Б.

Педагогика секциясынын окутуучулары Батыркулова А.С., Абдышова А.А.

## Түшүндүрмө кат

Педагогикалык практика билим берүү системасынын, билим берүү мекемелеринин окуу-тарбия процесси менен тааныштырууга, окуу процессинде алган теориялык жана практикалык билимдерин бышыктоого жана зарыл болгон компетенцияларды калыптандырууга, практикалык жөндөмдөр менен ыктарды өздөштүрүүгө жана студент-практиканттарды тарбиячылык кесипке багытталган. Педагогикалык практика квалификациялуу кадрларды даярдоодо чоң мааниге ээ жана аталган практиканы өтөө студенттер үчүн окуу планындагы дисциплиналардай сыяктуу эле милдеттүү болуп саналат. Аталган практика мектепке чейинки мекемелерде окуу- тарбиялоо процесстери менен таанышууга жана байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Окуу-тарбия процессине байкоо жана талдоо жүргүзүү, педагогикалык-тажрыйбаларды үйрөнүү педагогикалык теорияларды колдоно алууга мүмкүндүк жаратат жана педагогикалык байкоону өнүктүрөт.

**Практиканын негизги максаты** - болочок тарбиячыларды кесиптик-практикалык жактан даярдоо менен алардын кесиптик-педагогикалык багытын калыптандыруу жана билим берүү системасынын, билим берүү мекемелеринин окуу- тарбия процесси менен тааныштыруу:

- болочок тарбиячыларды билим берүү системасынын жана билим берүү мекемелеринин окуу-тарбия процесси менен тааныштыруу; - окуу-тарбия иштерин бийик децгээлде өткөрүү үчүн керек болгон кесиптик ык, машыгууларды калыптандыруу максатында студенттерди бала бакчадагы түрдүү тарбиялык жана практикалык иш-аракеттерге катыштыруу; - педагогика, психология жана кесиптик предметтер боюнча теориялык алган билимдердин бала бакчада практикасында ишке ашырылышын окуп үйрөтүү; - мекеменин администрациясынын, тарбиячылардын функционалдык милдеттери менен тааныштыруу; - өзүнүн тандап алган адистиги боюнча бала бакчада өтүлүүчү предметтердин мазмуну, милдеттери, окутуу өзгөчөлүктөрүн үйрөтүү - тайпа коллективин, андагы тарбиялануучулардын бири-бирине болгон мамилелерин, жеке өзгөчөлүктөрүн, сабакка кызыгуусун, тарбиячыларга болгон мамилелерин үйрөтүү; алдыңкы педагогикалык тажрыйбалар менен тааныштыруу; -педагогикалык мунөздөмөсүн түзүү боюнча кээ бир илимий изилдөөчүлүк иштерди жүргүзүү; - кесиптик- өздүк өнүгүүнүн планын иштеп чыгууну үйрөтүү; - практикант-студенттерге окутуунун технологиялары, усулдары жана ыкмаларын үйрөтүү .

**Практиканын милдети:** болочок тарбиячыларды педагогикалык кесип менен тааныштыруу жана аларды педагогикалык кесипке тарбиялоо. Студенттерди практикага болуштуруу жана аларга жетекчилерди дайындоо кафедра башчысынын билдируусунун негизинде окуу жайдын ректорунун буйругу менен ишке ашырылат.

**Практиканын жүрүшүндө студент жалпы компетеинцияга ээ болуусу керек:**

ЖК 3. кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издее, чечмелөө жана колдонуу

ЖК 5. командада иштей билүү, кесиптештери, жетекчилиги, кардарлары менен натыйжалуу баарлашуу

ЖК 7. өзүңүздүн жеке жана кесиптик өнүгүүнүздү башкаруу, кесиптик ишмердүүлүктөгү эмгек шарттарындагы жана технологиялардагы өзгөрүүлөргө ылайыкташуу

**2.Төмөнкүдөй кесиптик компетенцияларга (КК) ээ болууга тийиш:**

КК 1. Келечектеги кесиптин маңызын жана социалдык маанисин түшүнүү, ага туруктуу кызыгууну көрсөтүү

КК 3. Мектепке чейинки курактагы балдарды окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын, милдеттерин, мазмунун, принциптерин, формаларын, методдорун жана каражаттарын, балдардын ишмердигинин ар кыл түрлөрүн өнүктүрүү методикаларын билүү; балдарды педагог ишмердиктин кайсы түрлөрүнө үйрөтсө, ошол түрлөр боюнча билгичтиктерге ээ болуу

КК 5. Эрте жана мектепке чейинки курактагы баланын ийгиликтуу өнүгүүсүнүн шарты катары баардык балдарды өнүктүрүү жана жардам берүү, баарлашууда жагымдуу психологиялык атмосфера түзүү максатында балдар психологиясынын негиздерин колдонууга даяр болуу

КК 7. Мектепке чейинки билим берүү мекемесинде белгиленген күн тартибинин жана сабактардын графигинин аткарылышын камсыз кылууга даяр болуу; мектепке чейинки билим берүү уюмунда балдардын маңыздуу жашоосун уюштуруу

КК 11. Үй-бүлө менен иштөөнүн ар кандай формаларын жана ыкмаларын колдонуп, ата- энелер менен кызматташууга даяр болуу

КК 13 Мектепке чейинки билим берүүнун методикалык документтери жана мектепке чейинки билим берүү жана тарбия жаатындагы ченемдик документтер менен иштей билүү

КК 14. Окуу материалын иштеп чыгууга жөндөмдүү болуу

(календардык жана тематикалык пландарды, сабактардын пландарын түзүү

ж.б.) мектепке чейинки билим берүүнүн жана тарбиялоонун билим берүү стандартына жана окуу-методикалык адабияттарга негиздөө; аларды туура түзө билүү, жетишилген натыйжаларды талдоонун негизинде мектепке чейинки баланын инсандыгын жана балдар менен билим берүү иш-аракеттерин иштеп чыгууну билүү.

**Практикалардын түрлөрү**

Орто кесиптик билим берүүдөгү МЧББнүн мамлекеттик стандартына практиканын 3 түрү көрсөтүлгөн.

Окуу планы боюнча:

| **Окуу практикасынын түрлөрү** | **Кредит** | **Узактыгы** | **Курсу** |
|---|---|---|---|
| Окуп-таанышуу практика | 2 | 2 жума | 2 |
| Педагогикалык практика | 7 | 7 жума | 3 |
| Кесип алдындагы практика | 6 | 6 жума | 3 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 12 | 1) Окуу жана педагогикалык практиканы жетектөө | 7 кредит:<br>Мектептин методисти: -N*3с<br>Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин директору: N* 1с | Практиканын жетекчиси - N* 14с<br>Педагогика боюнча кеңешчи N* 1с<br>Психология боюнча кеңешчи -N* 1с<br>N (студенттердин саны) |
| | 2) Кесип алдындагы практиканы жетектөө | 6 кредит:<br>Мектептин методисти: -N*3с<br>Мектепке чейинки билим берүү мекемесинин директору: -N* 1с | Практиканын жетекчиси - N* 12с<br>Педагогика боюнча кеңешчи N* 1с<br>Психология боюнча кеңешчи -N* 1с<br>N (студенттердин саны) |

**Окуу-таанышуу практика** болочок бала бакчанын тарбиячысынын практикалык даярдыгынын системасынын алгачкы звеносу болуп эсептелет жана ал студенттин педагогикалык ишмердиктин бардык чөйрөсүн ар тараптуу өздөштүрүүгө багытталган. Теориялык билиминин негизинде алгачкы кесиптик көндүмдөрдү калыптандыруу максатында, адистиктердин өзгөчөлүгүнө ылайык мекемелерде уюштурулат.

**Педагогикалык практика** окутуу ишмердүүлүгүндө түздөн-түз студенттердин практикалык көндүмдөрүнө багытталган. Адистиктерди даярдоо боюнча жалпы маданий жана кесиптик компетенттүүлүгүн иш жүзүндө уюштуруунун конкреттүү «материалдардын негизинде айрым милдеттерди ишке ашырууда кесиптик көндүмдөрдү калынтандырууга багытталган. Кесиптик жана орто билим берүүнүн багытына жана адистигине жараша өндүрүштүк мекеме уюмдарда өткөрүлөт.

**Кесип алдындагы практика** окутуунун жыйынтыктоочу этабы болуп эсептелинет жана ал студенттер тарабынан окутуунун теориялык, практикалык программасын толук өздөштүрүлгөндөн кийин адистигине жараша өндүрүштүк мекеме уюмдарында гана өткөрүлөт.

Студенттин негизги тапшырмасы теориядан алаган билимин практикада колдоно билүү жана жыйынтыктоо.

**Практиканы уюштурууга жооптуу секциянын милдеттери:**

Практиканын башынан аягына чейин секция студент-практиканттарга окуу-усулдук көмөк көрсөтөт.

**Практиканын жетекчисинин милдеттери.**

**Окуу жай тараптан бекитилген жетекчинин милдеттери:**

- практика өтүлүүчү мекеме менен студентти кабыл алуусу боюнча маселелердн чечүүсү;
- студенттердин жекече сабактарынын темасын иштеп чыгууларына жардам берүү;
- практика өтүлүп жаткан мекеменин жетекчилиги менен бирге студенттерге өз убагында жумушчу программаларды, жекече тапшырмалардын графигин макулдашып бекитүүлөрү;
- студенттердин практиканын программасын аткаруусун, практика боюнча отчетторун көзөмөлдөө;
- студенттердин жекече сабакка даярдануулары жана материалдарды

тандоолоруна методикалык жактан жардам көрсөтүү;

- практиканттардын практиканын программасын аткаруусун жыйынтыктап баалоо;
- жетекчиликке жана мугалимдерге практикага жетекчилик кылуу милдеттери боюнча инструктаж берүү;
- практиканттардын сабактарына катышу жана группа менен аны талкуулоо;
- практиканын аягында практика боюнча отчет даярдоо.

**Практиканын жетекчиси төмөнкүлөрдү аткарат:**

- студенттерди ички эмгек тартибинин эрежелери, мугалимдердин иш кагаздары менен тааныштырат;
- студенттердин сабакка жана сабактан тышкаркы иш-чараларына жардам берүү менен алардын конспектилерин текшерип, консультацияларды берет;
- студенттердин окутуп тарбиялоо иштерин жетектеп, көзөмөлдөө менен студенттердин сабактарына тандалмалуу катышат;
- сабакты коллективдүү талдоону уюштурат;
- студенттердин иштерине сунуштамаларды берет (зарыл болсо күндөлүгүнө практика боюнча сын-пикирлерди жасат);
- студенттин практика убагына аткарган иштери боюнча отчетторун анализдеп, практикасына болжолдуу бааларды коет;
- отчет түзүп практиканын жалпы жетекчисине тапшырат.

***Окуу жайдагы практиканын жетекчиси:***

- практика башталарына бир жума калганда педагогикалык практиканы өткөрүүнүн планы жана ар кандай уюштуруу маселелери боюнча группалык методистерге чогулуш өтөт;
- университетте жана окуу мекемелеринде багыттоочу жана жыйынтыктоочу конференцияларды өтөт;
- мекемедеги практиканын жетекичлерин практиканын программасы менен тааныштырат;
- практикага тиешелүү адамдардын иш-аракеттерин координациялайт; студенттердин практика өтө турган жерлерин бөлүштүрүп, керектүү финансалык иш кагаздарды толтурат;
- бардык студенттер бирдей шартта практикадан өтүүлөрү үчүн методисттер, бала бакчанын жетекчиси менен бирдикте практиканттарды тайпаларга бөлүштүрөт, алардын тайпаларды тандап алуусуна жол бербөө керек;
- студенттердин жекече иш пландарын бекитип, алардын аткарылышын көзөмөлдөйт;
- студенттик группанын старостасынын иш-аракеттерин контролдойт;

- практика боюнча студенттердин суроолоруна кеп-кеңештерин берет;
- практика боюнча группалык жетекчилердин иш-аракеттерин контролдойт;
- практика боюнча факультеттик жалпы отчет түзүп деканга тапшырат;
- жыйынтыктоочу бааларды коет;

**Билим берүүчү мекемении жетекчиси:**

- практиканын жүрүшү боюнча керектүү шарттарды камсыздайт, педагогдор арасында, балдар менен уюштуруу иштерин жүргүзөт;
- мекеменин ички тартиби менен тааныштырат;
- группалык жетекчилер менен бирдикте студенттерди тайпаларга бөлүштүрүп, тарбиячылар менен тааныштырат;
- студенттерди бакчанын окуу планы менен, иштөө режимдери менен, алдынкы педагогикалык тажрыйбалар менен, эксперименталдык иштер менен тааныштырат;
- студенттердин педагогикалык кенешке, методикалык кенештерге, ата-энелер комитеттеринин иштерине катышууга мүмкүндүк түзүп берет;
- практика боюнча багыттоочу жана жыйынтыктоочу конференцияларына катышуу менен студенттердин иштерин баалоого катышат;
- практиканттардын сабактарына жана сабактан тышкаркы иш-чараларына (тандалмалуу) жана аларды талкуулоолоруна катышат;
- студенттерге практиканын программасына тиешелүү керектүү иш кагаздарды берет;
- финансалык документтерди жана студенттердин мүнөздөмөсүн бекитет (заверяет);
- практиканы жакшыртуу боюнча өз сунуштарын берет.

**Тарбиячы:**

- өзүнө бөлүнгөн студентке өзүнүн окутуп тарбиялоо планы менен жана календардык пландары менен тааныштырат, ачык сабак жана сабактан тышкаркы иш-чара өтүп, аны талкуулоону уюштурат;
- студентке сабактын жана сабактан тышкаркы иш-чаранын темасын болуп берет;
- сабак өтүү үчүн консультацияларды берип, конспектилерин текшерип, аларды бекитип, колун коет катышат; практиканттын бардык иш-аракеттерине катышат жана баалайт;
- практикантка тетраддарды текшертип, көрсөтмө куралдарды жасоо ж.б. у.с. талаптарды кое алат;
- студенттин сабактан тышкаркы иш-чарасын өткөрүүгө жардам берет жана аны студенттер менен бирдикте анализдейт.
- студенттерди тайпадагы балдардын курамы менен, алардын жеке делолору

менен, тарбиялык сааттары менен, өзүнүн тарбиялык пландары менен тааныштырат, балдардын кимисине практикант педагогикалык мүнөздөмө жазаарын аныктайт, сабактан тышкаркы иштерине катышат;

- практикантты өзүнүн тайпадагы тарбиялык иштер боюнча тажрыйбалары менен тааныштырат;
- практикантка тарбиялык иш-чара өтүү пландалат;
- студенттердин жекече планындагы тарбиялык иштер боюнча берген суроолоруна жооп берет жана тарбиялык иш-чараларды бекитет;
- практиканттын 1 -2 сабагын коруп, талкуулоого катышат;
- студенттерди бош убактагы иштерине (дежур болуу, күндөлүк толтуруу, окуучулардын үйлөрүнө барып текшерүү, окуучулардын ата-энелери менен ангемелешүү, ата-энелер чогулушу ж.б.);
- педагогикалык практика боюнча мектептеги конференцияга катышуу жана тарбиялык иштерине баа коюу.

**Студент-практиканттын укуктары жана милдеттери:**

1. Студент-практикант педагогикалык практика боюнча программада көрсөтүлгөн иштердин бардык турун аткарат.
2. Практикант мектептин администрациясы жана практиканын жетекчисинин койгон ички тартип эрежелерине баш ийет. Эгерде ал талаптарды аткарбаса, студент педагогикалык практикадан өтүүдөн четтетилет.
3. Практикадан четтетилген же канаттандыраарлык баа албаган студент окуу планын аткарган жок деп эсептелет жана окуу жайдын Кенешинин чечими менен кайрадан практикадан өтөт.
4. Студент окуучулар менен окуу тарбия иштерин жүргүзүү боюнча план түзөт жана анны педагогикалык практиканын группалык жетекчиси бекитет.
5. Студент методисттердин, тарбиячылардын консультацияларына катышат, өзү өтө турган сабак жана сабактан тышкаркы иш-чарага эки күн калганга чейинки убакытта конспектисине кол койдурат.
6. Студент занятиенин расписаниесинде жана заниятиеден тышкаркы иш-чараларда өзгөрүүлөр болсо методистке кабарлайт.
7. Практиканын программасына ылайык өз убагында, практика аяктагандан кийин бир жуманын ичинде отчеттук документацияларын даярдап бүтүшү керек.
8. Студент-практикант практика учурунда келип чыккан суроолор боюнча практиканын жетекчисине, бакчанын администрациясына кайрылууга, окуу методикалык куралдарды пайдаланууга, практиканын жүрүшүн жакшыртуу боюнча өз сунушун берүүгө укугу бар.
9. Студент педагогикалык практиканын жыйынтыгы боюнча

дифференцияланган баа алат.

10. Эгерде ооруп калып же бир обьективдүү себептер болуп калса (аны Тастыктаган документ жана арызы болушу керек), педагогикалык практиканы окуу планына ылайыкташтырып башка мөөнөттө өтөт

**Сабактын түзүлүшү:**
Сабактын темасы;
Сабактын максаты:
Күтүлүүчү жыйынтык:
Колдонулуучу каражаттар:
Таратылуучу каражаттар:
Усулдук ыкма:
Сабактын жүрүшү:
А)Уюштуруу
Б) Кайталоо
В)Жаңы сабак
Жаңы теманы түшүндүрүү:
Бышыктоо:
Жыйынтыктоо:

**Практикада калыптануучу компетенциялар**
**Педагогикалык практиканы өтөө менен студент практикант төмөндөгү кесиптик компетенцияларга** ээ болот:

•Мекемедеги окуу-тарбия процессинин уюштурулушун үйрөнөт жана түшүнөт;
•Документациялары менен иш алып барууну билет;
•өзүнүн адистиги боюнча занятиенин маңыз-мазмуну менен таанышат;

Педагог катары өзүнүн кесиптик децгээлин өнүктүрүүгө жана өзүн өзү тарбиялоого мумкунчулук алат

•

Тарбиячылык кесиптин маңыз-мазмунун түшүнөт жана балдар менен иш алып бара алат;

• Тарбиячынын иш планын түзө алат. Тарбиялык саатты жана бала бакчадан сырткаркы иштерди жүргүзүүнун ыктары менен машыгууларына ээ болот;
Балдардын жекелик-психологиялык өзгөчөлүктөрүн окуп билүү менен ага мүнөздөмө жаза билет;

- Ата-энелер менен иш жүргүзүүнү окуп үйрөнөт;
- Бала - бакчадагы өзүн-өзү башкаруу органдарынын иш-аракеттерин түшүнөт жана алар менен иш алып бара алат;
- Занятиеде колдонулган усулдарга, ыкмаларга, каражаттарга баа бере алат жана сабактын планын түзүүну билет;
- Педагогика жана психология предметтеринен теориялык алган билимдерин практикада колдоно алат.

Практикант-студент тайпалык жетекчиге практика бүткөндөн кийин бир жуманын ичинде төмөнкү документтерди тапшырууга тийиш:

1. Мүнөздөмө;
2. Күндөлүк;
3. Тарбиялык иштердин материалдары;
4. Анализ дептери.

Студенттердин педагогикалык практикасын баалоонун негизги критерийлери төмөнкүлөр: студенттердин кесипкөйлүк жана педагогикалык билүү, ыктарын калыптандыруу; өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүнө теориялык билимдерин байланыштыра билүү деңгээли (максат, милдет, мазмун, методдор); педагог катары ишине болгон мамилеси.

Практиканын жыйынтыгы боюнча студенттердин, жетекчилердин жана базалык жетекчилердин катышуусунда жыйынтыктоочу конференция болуп, студент-практикант жасалган иштер тууралуу отчеттук документтерин коргойт жана тапшырат. Практиканттын жасаган жумуштарын жетекчи карап чыгып, сынак китепчеге жана сынактык ведомостко баа коёт.